**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АДМИНИСТРАЦИЯСЫ**

**АДМИНИСТРАЦИЯ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720003, Бишкек ш., Т.Абдумомунов көч., 207
720003, г. Бишкек, ул. Т.Абдумомунова, 207
720003, Bishkek, 207 T.Abdumomunov st.

№ ___________________ «______» _______________202___

Жооп кайтарууда биздин чыгыш № таяну керек.
При ответе ссылка на наш исх. № обязательна.

**Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору** *(тизме боюнча),*
**Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү** *(тизме боюнча),*
**Бишкек жана Ош шаарынын мэриясы,**
**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрациялары** *(тизме боюнча)*

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы № 305 “Улуттук тазалык күнү жана 2023–2025-жылдар мезгилинде тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктураны түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө” Жарлыгына ылайык Улуттук тазалык күнүн ар жылдын сентябрь жана апрель айларынын үчүнчү ишембисинде өткөрүлсүн деп белгиленген.

Учурда Улуттук тазалык күнү Орозо Айт майрамына туш келгендигине байланыштуу ишембиликти **2023-жылдын 29-апрелинде** өткөрүү сунушталат.

Ишембиликке баардык Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, ведомстволорунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан жеке ишканалардын, коомдук уюмдардын жана башка тараптардын кызматкерлери тартылсын.

Өткөрүлгөн ишембиликтер тууралуу массалык маалымат каражаттары жана социалдык тармактар аркылуу маалыматтар таратылсын.

Аткарылган жумуштар боюнча 2023-жылдын 10-майына чейин Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына тийиштүү маалыматтар жиберилсин.

**Уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аркеттенүү болүмүнүн башчысынын орун басары** **Ж.Б. Максутов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН